**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**« 07 »-июль 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезексиз X сессия**

**ТОКТОМ** **№14** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарындагы жеке менчик жер тилкелерин муниципалдык менчикке өткөрүп алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү” мыйзамынын 5-беренесине ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 02.07.2025-жылдагы чыг.№01-18/4028 сандуу катты, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин 02.07.2025-жылдагы кеңейтилген жыйынында каралып, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз X сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарынын Теплица көчөсү №161а дарегинде жайгашкан (индентификациялык номери 3-10-10-1002-2081) жалпы аянты 28764,0 чарчы метр, Теплица көчөсү №10 дарегинде жайгашкан (индентификациялык номери 3-10-10-1002-1130) жалпы аянты 6667,0 чарчы метр жана Теплица көчөсү №161б дарегинде жайгашкан (индентификациялык номери 3-10-10-1002-2082) жалпы 5130,0 чарчы метр Юсупов Абдуллажон Абдувахаповичке таандык жеке менчик жер тилкелерин Жалал-Абад шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков), Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Ж.Бөрүкулов) жер тилкелерди өткөрүп алууда Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын сактоо менен иш алып баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Турдубеков О.Т.**